**Сиздин мектебиңиздин бүтүрүүчүлөрүнө платформага кирүү үчүн жол ачып берүү боюнча нускамалар**

2021-жылы ЖРТга каттоо ББОУБнын сайтынын электрондук платформасында өткөрүлөт.
**Билим берүүчү мекемелердин бүтүрүүчүлөрүн каттоого жол ачып берүү жана бүтүрүүчүлөрдү онлайн каттоо боюнча нускамалар менен кунт коюп таанышып чыгыңыз.**

**Техникалык талаптар: компьютер жана интернет бар болушу керек.**

I. Сиз өз мектебиңиздин ЖРТ боюнча жооптуу адамдын жеке кабинетин ачышыңыз керек. Бул үчүн сиздин мектебиңиз тиешелүү болгон райондук /шаардык билим берүү бөлүмүнө кайрылышыңыз керек.

Райондук /шаардык билим берүү бөлүмүнүн ЖРТ боюнча жооптуу адиси системага Сиздин телефонуңуздун номерин киргизет *( ал Сиздин жеке кабинетке кирүү үчүн логин болуп пайдаланылат).* Ошондой эле Сиздин фамилияңыз, атыңыз, атаңыздын аты киргизилет.

Райондук /шаардык билим берүү бөлүмүнүн ЖРТ боюнча жооптуу адиси Сизге системага, жеке кабинетке кирүү үчүн паролду жана шилтемени берет. Эгерде сиз өз паролунузду унутуп калсаңыз, аны кайрадан калыбына келтирүү үчүн райондук /шаардык билим берүү бөлүмүндөгү ЖРТ боюнча жооптуу адиске кайрылууңуз зарыл.

II. Жеке кабинетиңизде сиз төмөнкүлөрдү аткарышыңыз керек:
- Сиздин мектебиңиздин бүтүрүүчүлөрү үчүн жеке кабинеттерине кирүүгө жол ачып берүү;
- Сиздин мектебиңиздин бүтүрүүчүлөрүн каттоо.

**Жеке кабинетке кирүү**

Шилтемени жана паролду алгандан кийин, сиз шилтеме менен (аны браузердин издөө салган жерине көчүрүп алсаңыз дагы болот) өз жеке кабинетиңизге кирүүгө жол ачкан бетке киресиз. Пайда болгон беттин үстү жагындагы тилкеге өз телефон номериңизди териңиз. Төмөнкү тилкеге райондук /шаардык билим берүү бөлүмүнүн жооптуу адисинен алган паролду териңиз.

Андан кийин **«Кирүү»** деген кнопканы басыңыз. Сиз өз жеке кабинетиңизге кирдиңиз. Экранда Сиз ЖРТга каттала турган бүтүрүүчүлөрүңүздүн жеке маалыматтарын киргизүү үчүн терезе пайда болот.

**Бүтүрүүчүлөргө кирүүгө жол ачуу.**

**Маанилүү:** Сиз жана Сиздин бүтүрүүчүлөрүңүз киргизе турган маалыматтар жашыруун маалымат болуп эсептелет! Бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтары башка адамдарга берилбешине Сиз жеке жоопкерчиликте болосуз. Ошондуктан өз жеке кабинетиңиздин паролун эч кимге бербеңиз!

**Бүтүрүүчүлөрдү каттоо үчүн (Сиз каттасаңыз же абитуриент өзү катталса дагы) төмөнкү электрондук фотосүрөттөр керек болот:**

**паспорттун түп нускасынын электрондук фотосүрөтү**. Паспорттун 2 фотосүрөтү керек болот: алдыңкы жана арткы бетинин. Бул фотосүрөттөр так, жакшы көрүнүш керек; **абитуриенттин бетинин электрондук фотосүрөтү** (төмөнкү талаптарга ылайык):

- *Фотосүрөт түстүү болушу керек (паспорттогудай.*

- *Сүрөт **6 айдан ашпаган убакытта** тартылган жана абитуриенттин чыныгы келбетин чагылдырып турушу керек.*
- *Арткы фон - ак же акка жакын, анда ашык нерселер жана көлөкөлөр болбошу керек*
- *Абитуриенттин көз карашы нейтралдуу (жылмайуусу жок) жана табигый болушу керек. Бетинин өзгөчөлүктөрү жакшы байкалып, сүрөткө тушкөн учурда камераны түз карап, көздөрү жумулуп калбаш керек.*
- *Көз айнек, баш кийим, шарф жана башка ашык нерселердин, жаныбарлардын сүрөттө болушуна **ТЫЮУ САЛЫНАТ.***
- *Фотосүрөттөрдү оңдоого (сулуулоо, коozдоо, өзгөртүү) **КАТУУ ТЫЮУ САЛЫНАТ.***
- *Фотосүрөттө абитуриенттин бетинин айрым бөлүктөрүн жапкан беткаптар же башка коozдоочу нерселер болбошу керек*

  *Бул талаптарды бузган учурда катышуучу ЖРТга **КАТЫША АЛБАЙТ**!*

- Эгерде абитуриент жеңилдиктерге ээ болсо, анда анын жеңилдиктерин тастыктаган документтердин түп нускасынын электрондук фотосүрөтү (же скан) керек.

Сиздин мектептин бүтүрүүчүсүн каттап башташ үчүн анын телефон номерин, фамилиясын, атын, атасынын атын терип жазышыңыз керек. **Бүтүрүүчүнүн бул телефон номери ага жогорку окуу жайларына кирүү аяктаганга чейин керек болот, анткени ал ЖРТга каттоо үчүн логин катары гана эмес, КРдин ЖОЖдоруна тапшыруу конкурсуна катышуу үчүн дагы жеке кабинетке кирүү үчүн логин болуп пайдаланылат**

Бул маалыматтарды тиийштүү тилкелерге киргизгенден кийин, **«Бүтүрүүчүгө кирүүгө жол ачуу»** деген кнопканы басыңыз. Пайда болгон бетте (оң тараптын үстү жагында) «**Бүтүтүүчүлөрдүн кирүү жолдору**» деген кнопка бар. Бул кнопка Сиздин компьютериңизде (сиздин браузерде көрсөтүлгөн жерде) бул абитуриенттин жеке кабинетине кирүү үчүн маалыматтары киргизилген **Excel** файлды сактап коёт. Каттоодон өтүп жаткан абитуриент каттоо бланкын өзү толтура турган болсо, бул файлдагы ушул бүтүрүүчүгө тиешелүү маалыматтарды, паролу менен бирге, ага берип коёсуз.

«**Паролду өзгөртүү**» деген кнопкага көңүлүңүздү бурабыз. Бул кнопка менен бүтүрүүчү паролду жоготуп алып, ага **жаңы пароль керек болгон учурда гана** пайдаланса болот.

**Маанилүү:** Сиз бир-нече бүтүрүүчүлөргө кирүүгө жол ачып бергенде, бул файлда Сиз киргизген бардык бүтүрүүчүлөрдүн кирүү үчүн жолдору сакталат. Паролду ар бир жеке кабинеттин ээси гана билгени маанилүү.

**Андан ары ЖРТга катышуу үчүн бүтүрүүчүнүн каттоо бланкын толтуруунун эки жолу бар:**

1. Сиз бүтүрүүчүнүн каттоо бланкын өзүңүз толтурасыз.

2. Бүтүрүүчү каттоо бланкын өзү толтурат.

**Сиз бүтүрүүчүнүн каттоо бланкын өзүңүз толтурасыз.**

1. Сиз «**Бланкты карап чыгуу**» деген кнопканы басып, бүтүрүүчүнү каттоо үчүн бардык керектүү тилкелерди өзүңүз толтуруп койсоңуз болот. Бул кнопканы басканда **«ЖРТга каттоо бланкы»** деген терезе пайда болот. Эгерде каттоо бланкы толтурулбаган болсо, анда **"Толтуруу"** деген кнопканы басып, толтуруу керек.
   Мурда киргизилген жеке маалыматтар жазылган терезе пайда болот. Ф/А/А сиз терип жазгансыз, демек алар бул бланкта көрүнүп турат. Абитуриенттин жынысын белгилеп,

календардын жардамы менен абитуриенттин туулган датасын киргизип, паспорттун номерин терип жазуу керек.

**«Кийинки кадам»** деген кнопканы басып, абитуриенттин жашаган жеринин дарегин толтурушуңуз керек.  Шаар, айыл, көчө – милдеттүү түрдө толтурулуучу тилкелер, аларды толтубай туруп, кийинки кадамга өтө албайсыз. Ушул эле жерге кошумча телефон номерин дагы толтуруп кетсеңиз болот.

Бул тилкелерди толтуруп бүтүп, **«Кийинки кадам»** деген кнопканы басып, абитуриент тандап алган предметтик тесттерди тандоого өтүңүз. Андан кийин абитуриент тандаган тест тапшыруу тилин белгилеңиз.

Андан соң **«Кийинки кадам»** деген кнопканы басыңыз. Ачылган бетте паспорттун ***түп нускасынын*** алдыңкы жана арткы жактарынын фотосүрөттөрүн жүктөшүңүз керек. Паспорттун көчүмөсүнөн тартылган фотосүрөттөрдү жүктөөгө тыюу салынат.

Бул терезенин оң тарабында **«Мен жеңилдиктерге ээмин»** деген тилке бар. Ошол эле жерде «Мен жеңилдиктерге ээ болгондугумду кантип билсем болот?» деген шилтеме бар. Эгерде абитуриенттин бир же бир-нече саналган жеңилдиктери бар болсо, анда **«Мен жеңилдиктергее ээмин»** деген кнопканы басып, бул жеңилдиктерди тастыктаган документтин (документтердин) ***түп нускасынын*** фотосүрөттөрүн жүктөп киргизүү керек. Эгерде документтердин фотосүрөттөрү жок болсо, анда сиз кийинки кадамга өтө албайсыз. Мындай болгон учурда «Мен жеңилдиктерге ээмин» деген жердеги белгини, активдүү болбогондой кылып басып коюш керек. Бүтүрүүчү бул тилкелерди кайрадан кирип толтурса болот (каттоо аяктаган учурга чейин).

«**Кийинки кадам**» деген кнопканы басыңыз. Бул жерге абитуриенттин бетинин фотосүрөтүн жүктөп киргизүү керек. Фотосүрөткө коюлган талаптар жазылган, ал талаптарды сөзсүз аткарыш керек. **Бул эрежелерди бузган учурда абитуриент ЖРТ тапшырууга киргизилбейт**. Эгерде фотосүрөт жүктөлбөсө, анда форманы аягына чейин толтуруу мүмкүн эмес. Кененирээк маалыматты алсаңыз болот КРнын Өкмөтүнүн алдындагы МККнын сайтынан.

“**Улантуу**” деген кнопканы басып, **каттоо бланкын толтурууну аяктоо** бетине  киресиңер. Ал жерде абитуриент каттоо үчүн төлөш керек болгон сумма көрсөтүлгөн. Бул жерде “**Жыйынтыктоо үчүн басыңыз”** деген кнопканы басыш керек. Баскандан кийин Сиз киргизген маалыматтар чыгат. Ошол эле жерде “**Төлөө”** деген кнопка бар. Ушул кнопканы басып, Сиз “**Төлөм жөнүндө квитанцияны кошуу”** сунушталган бетке киресиз. “**Квитанцияны кошуу**” деген кнопканы басып, сиз “Төлөө түрү (банк аркылуу)”, **“Сумма**”, “**Квитанциянын номери**” деген жазуулары бар бетке киресиз. Квитанциянын номерин, сумманы терип жазып, “**Кошуу**” деген кнопканы басыңыз. Пайда болгон “ЖРТга катышуу үчүн төлөмдөр” деген терезеде **“Текшерилип жатат”** деген төлөмдүн статусу пайда болот**.** Эгерде Сиз квитанциянын номерин туура эмес киргизип алсаңыз, анда “Төлөмдү жокко чыгаруу” деген кнопканы басып, квитанциянын номерин туура терип киргизиңиз.

Каттоо төлөмүнө тиешелүү бетти крестикти басып жаап, **“Формадан чыгуу”** деген кнопканы басып, “Каттоо бланкынан” чыгыңыз.

**Бүтүрүүчү каттоо бланкын өзү толтурат**

2. Эгерде бүтүрүүчү каттоо бланкын өз алдынча толтура турган болсо, анда Сиз ага платформага кирүү үчүн жол ачып беришиңиз керек. Бүтүрүүчүнүн маалыматтарын тиешелүү тилкелерге киргизип, **“Бүтүрүүчүгө кирүүгө жол ачуу”** деген кнопканы баскандан кийин, бул бүтүрүүчүнүн маалыматтары (телефон номери жана Ф/А/А) сиздин жеке кабинетиңиздин терезесинде пайда болот.  Бул терезеде (оң тараптын үстү жагында)

**“Бүтүрүүчүлөрдүн кирүү жолдору”** деген кнопка бар. Бул кнопканы баскан учурда система Сиздин компьютериңизде (Сиздин браузерде көрсөтүлгөн жерде) бүтүрүүчүлөрдүн жеке кабинеттерине кирүү үчүн маалыматтары бар **Excel** файлды сактап коёт.

**Маанилүү:** Сиз бир-нече бүтүрүүчүлөргө кирүүгө жол ачып бергенде, бул файлда Сиз киргизген бардык бүтүрүүчүлөрдүн кирүү үчүн жолдору сакталат. Паролду ар бир жеке кабинеттин ээси гана билгени маанилүү. ***Ар бир бүтүрүүчү жөнүндө киргизилген маалыматтар жашыруун маалымат болуп эсептелип, ошол гана адамдын өзүнө берилет.***

Форманы бүтүрүүчү өзү толтурса, жогоруда берилген эрежелер аткарылышы керек.